**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы № 157 “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу боюнча 2022-2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программа тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максат жана милдет**

Ушул Жарлыктын долбоору кыргыз элинин жана Кыргызстан калкынын улуттук наркын сактоону жана андан ары өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында иштелип чыкты.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы № 157 “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгы чыккан.

Кыргыз калкынын улуттук наркы элдин руханий тамыры, анын баштапкы идеялары жана бузулбас элдик эрежелери менен бекемделген. Ондогон кылымдардан бери келе жаткан, муундан-муунга мурасталган каада-салттар, үрп-адаттар, ырым-жырымдар, ишенимдер элибиздин күндөлүк жашоо-турмушунун руханий түркүгүнө, таалим-тарбия таянычына айланган. Улуттук нарк элдин жашоо ураанын, ишенимин, дүйнө таанымын бекемдеп, тарых жайыгынан улут катары жоголуп кетүүсүнөн сактаган жана өзүн өз алдынча эл катары таанусунда маанилүү роль ойногон.

**2.1. Долбоорду чечүүгө багытталган көйгөйдүн пайда болушу жана эмне үчүн мамлекеттик орган бул көйгөйдү өз алдынча чече албаганынын негиздемеси**

Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендигин алгандан кийин демократиялык башкаруу формасын тандап алды. Бирок, ал учурда өлкө жана анын жарандары башка жактардан келген либералдык көз караштарга даяр эмес эле. Ушуга байланыштуу тыштын кирген таасирлер, кызыкчылыктардын өз өра кагылышы коомдун ич ара бөлүндүсүнө, түрдүү топторго, ошондой эле элдин салтына, дүйнө таанымына туура келбеген көрүнүштөрдүн массалык түрдө көбөйүшүнө дагы мүмкүнчүлүктөрдү ачып берген. Өлкөдөгү реформалар негизинен саясий-экономикалык жактан өнүгүү багытында жүргүзүлүп калгандыктан, калкыбыздын калың катмарынын руханий жактан өнүгүүсүнө тиешелүү деңгээлде көңүл бурулбай келди.

**2.2. Бул көйгөйдүн чечилишине тиешеси бар кызыкдар топтор, мамлекеттик орган тарабынан кызыкдар топтордун**

**өкүлдөрү менен кеп-кеңештер өткөрүлгөнү жана тараптардын айрым бир жагдайлар боюнча пикирлери тууралуу маалымат**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы № 1 “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгы кабыл алынып, аны ишке ашыруу боюнча иш-чараларды түзүүгө бардык мамлекеттик органдар, мекемелер жана коомдук уюмдар тартылган. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгы жогорку Жарлыктын ырааттуу уландысы болгондугуна байланыштуу бардык мамлекеттик органдар, мекемелер, коомдук уюмдар катышып, улуттук наркты калыбына келтирүү, нарктуу коомду түзүү боюнча сунуштарын берүү менен өз салымдарын кошту.

**2.3. Сунуш кылынган варианттардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин баяндоо менен, маселени чечүүнүн үчтөн кем эмес варианты**

1. Ушул жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен бекий турган Улуттук программанын дагы бир артыкчылыгы, анын алкагында алгачкы жолу улуттук каада-салттарга, үрп-адаттарга карата социалдык-экономикалык долбоорлор иштелип чыгат. Анткени, буга чейин мамлекеттик деңгээлдеги долбоорлордун басымдуу бөлүгүндө улуттун өзгөчөлүгүн эске албай, башкалардан көчүрүп алуу менен чектелип калган. Тилекке каршы, андай долбоорлордун көбү алгылыктуу натыйжаларга алып келген жок.

2. Кыргызстан калкынын санын өсүшү, муундардын алмашышы, сырткы таасирлердин көбөйүшү, санариптешүү айдыңынын күчөшүү менен көптөгөн улуттук каада-салттар, үрп-адаттар, нарк-насилдер унутта калууда, ошол эле учурда бурмаланып кеткендери да аз эмес. Ошону менен бирге, буга чейин улуттук баалуулуктарыбызды ырааттуу түрдө тескеген, аларды бир нукка салган, алардын учур талабына ылайык келтирген бир дагы мамлекеттик орган болгон эмес. Ал эми бул Жарлыкка ылайык улуттук баалуулуктардын баары ыраатка келтирилип, инвентаризацияланат жана аларды өнүктүрүү жаатында бир катар ыңгайлуу шарттар түзүмөкчү.

3. Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо, этностор аралык мамилелерди бекемдөө, улуттун адеп-абийирин, ар-намысын жана жарандын өз тамырын таануу сезимин өнүктүрүү чаралары социалдык маанилүү мүнөзгө ээ жана кечиктирилгис каржылоону талап кылат.

**2.4. Көйгөйдү чечүүнүн альтернативдүү варианттарына салыштырма талдоо жана эмне үчүн мамлекеттик орган чечүүнүн сунуш кылынган вариантын тандап алганын негиздөө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоору башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлоруна

салыштырмалуу кыйла ийкемдүү экендигин эске алуу менен, долбоордун ушул вариантын иштеп чыгуу тандалып алынган.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Президентини ушул Жарлыгынын долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Долбоор ченемдик-укуктук акты болуп саналгандыктан, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын расмий сайтына коомдук талкуудан өтүү үчүн жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Преиздентинин ушул Жарлыгынын долбоорун кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фондунун эсебинен акча каражатын талап кылат.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Берилген долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентинин Администрациясынын**
**саясий жана экономикалык**
**изилдөөлөр башкармалыгынын**
**начальниги** **А.Н. Исанов**